**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ДЕПУТАТТАРДЫН КЫЗЫЛ-КЫЯ**
**ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2023–жылдын 21- ноябры № 31/115**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан жүргүзүлүп жаткан Аймактык территориалдык реформанын алкагында Баткен облусунун Кадамжай районунун, Ош облусунун Араван жана Ноокат райондорунун Кызыл-Кыя шаарына чектеш айылдарын Кызыл-Кыя шаардык административдик территориалдык курамына кошуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы-Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын жетекчисинде болгон 2023-жылдын 28-июлундагы Кыргыз Республикасында административдик аймактык реформа жүргүзүүнүн жүрүшү жөнүндөгү кеңешменин №20-12 протоколуна негиз, шаардык кеңештин Коммуналдык объектер, менчик, мүлк, экология, санитардык тазалоо, көрктөндүрүү, архитектура жана курулуштар боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунун 2023-жылдын 15-ноябрындагы №43 жана Укук коргоо, мыйзамдуулук, депутаттык этика, регламент, коомдук уюмдар, үрп адат, религия(диний) жана улуттар аралык маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2023-жылдын 15-ноябрындагы №28 протоколдорун, Кызыл-Кыя шаарынын мэринин 1-орун басары Ж.Курбановдун 2023-жылдын 11-ноябрындагы № 01-8/2042 катын эске алып, Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан жүргүзүлүп жаткан Аймактык территориалдык реформанын алкагында Баткен облусунун Кадамжай районунун, Ош облусунун Араван жана Ноокат райондорунун Кызыл-Кыя шаарына чектеш айылдарын Кызыл-Кыя шаардык административдик территориалдык курамына кошууга макулдук берилсин.

2. Жүргүзүлүп жаткан аймактык территориалдык реформанын алкагында тийиштүү иш-кагаздарын даярдоо жагы Кызыл-Кыя шаарынын мэри А.Маткалыковго жүктөлсүн.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Коммуналдык объектер, менчик, мүлк, экология, санитардык тазалоо, көрктөндүрүү, архитектура жана курулуштар боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж. Калматов**